УДК: 82-1/-9

# ЖУСУП МАМАЙ МЕНЕН С.КАРАЛАЕВДИН "СЕМЕТЕЙЛЕРИНДЕГИ" ТРОПТУН ТҮРЛӨРҮ

***Шерипбаев А.***
***ЖАМУ, Жалал-Абад ш.***

***Аннотация***

*Көркөм чыгармада кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү образдуу түрдө сыпаттап, боёктуу, эмоционалдуу корсөтүү үчүн тилдик көркөм каражаттар, тактап айтканда, троп жана анын түрлөрү пайдаланылат. Айрыкча, троп жана анын түрлөрү элдик эпостордо арбын кездешет. Биз макалабызда троптун жөнөкөй түрүнө кирген эпитет менен метафоранын кытайлык жазгыч манасчы Жусуп Мамай менен улуу манасчы С. Каралаевдин "Семетейлеринде" кандайча пайдаланылгандыгын салыштыруу максатын көздөдүк.*

***Annotation***

*To colorful, emotionally and imaginatively describe something in the artwork used colorful art means precisely trails and views.. At the article we try to compare the way of using Chinese writer Manaschy Zhusup Mamay and great manaschy Sayakbay Karalayev at the "Semetey".*

**Эпитет.** Эпитет троптун жөнөкөй түрүнө кирет. Троптун бул түрү сүрөттөлүп жаткан нерсенин (каарман, буюм, курал-жарак, ж.б.) жана кыймыл-аракеттин түрдүү мүнөздүү белгилерин аныктап, ага көркөм элес, поэтикалык түс бере турган эффективдүү көркөм сөз каражаттарынан болуп эсептелет. Эпитет боюнча адабият теоритиктеринин, лингвист-окумуштуулардын пикирлери бирдей эмес, башкача айтканда, Л.И.Тимофеев менен Д.Э.Розенталдын пикирлери анча-мынча айырмачылыгы менен бири-бирине окшош. Алар эпитет заттын эле түрдүү белгилерин көрсөтпөстөн, кыймыл-аракеттин да түрдүү касиеттерин көрсөтүүчү тилдик каражат. Экинчиден, алардын пикири боюнча, бардык эле грамматикалык аныктоочтор жана сыпат бышыктоочтор менен өлчөм бышыктоочтор да эпитет боло алат.[1] Ал эми Ж.Шериев менен М.Борбугулов эпитет зат, көрүнүш, мүнөздөрдүн гана өзгөчө белгилерин көрсөтөрүн жана эпитет белгилүү деңгээлде өтмө мааниге ээ болорун белгилешет.[2] Демек, бул окумуштуулардын айтуусу боюнча, бардык эле аныктоочтор эпитет болбостон, кайсы бир деңгээлде өтмө мааниге ээ болгон гана грамматикалык аныктоочтордун өзгөчө түрү эпитет болот.

Бул эки түрдүү пикирдин алгылыктуу жактарын эске алуу менен С.Каралаев жана Жусуп Мамайдын "Семетейлериндеги" эпитеттердин көркөмдүк деңгээлин, стилистикалык оттенкаларынын жалпылыктары менен өзгөчөлүктөрүн салыштырып талдоого алабыз.

Дүйнөлүк адабият казынасынан өзгөчө орунду ээлеген "Манас" үчилтигинин бардык варианттарында троптун бул түрү ар түрдүү түзүлүштө, ар кандай семантикада кеңири колдонулган. Бул көрүнүш С.Каралаев менен Жусуп Мамайдын "Семетейлеринде" да кеңири колдонулат. Мисалы, ***эки арам, төрт арам*** же ***алты арам*** эпитети эки

[1] Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. –М.: 1963. 207-б. Розенталь Д.Э., Теленкова М.А. Словарь-справочник лингвистических терминов. Изд.2-е, испр.доп. –М., Просвещение, 1976. 296-б.

[2] Шериев Ж., Муратов А. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. –Б.: Мектеп.1994. 59-б. Борбугулов М. Адабият теориясы. –Б.: "Кыргызстан-Сорос" фондусу. 1996. 312-б.

семетейчиде тең Абыке, Көбөшкө, Чыйбыт (Жусуп Мамайда Чыбыт), Кочкор жана Алыбай (Жусуп Мамайда Адыбай) менен Көлбай аттуу терс каармандарга карата колдонулат. С.Каралаевде:

*Кулунум, Абыке, Көбөш* ***эки арам,***
*Мындан көрдүм кордукту,*
*Чыйбыт, Кочкор* ***төрт арам,***
*Ошондон көрдүм зордукту,*
*Алыбай, Көлбай* ***алты арам,***
*Аныктап көрдүм кордукту, уулум,*[3] - деген саптардагы эпитеттер “алты ханга” карата туруктуу эпитеттер болуп саналат. Жусуп Мамай да бир жерде:

***Эки арамың*** *ээрчитип,*
*Эми келдиң чабам,*[4] - десе, дагы бир учурда:
*Чыбыт Кочкор* ***эки арам,***
*Адыбай, Көлбай* ***төрт арам,***[5] - деген саптарда өз туугандарына карата мына ушул ***арам*** сөзү аркылуу туюнтулган эпитетти пайдаланат. Демек, эки семетейчи бирдейинен *өздөн чыккан жат, өзөктөн күйгөн от* болгон душмандарга туруктуу эпитет кылып алган. Буга мисал катары Жусуп Мамайдын ***эки арамың*** *ээрчитип* деген сабынан Абыке, Көбөштүн аты аталбаса деле алар тууралуу сөз болуп жатканын түшүнүүгө боло турганын көрсөтүүгө болот.

“Семетей” эпосунун башкы каарманы – Семетей, эпостогу окуянын сюжети анын катышуусунда, башкача айтканда, бардык окуялар анын түздөн-түз катышуусу менен өнүгөт, композициялык курулушу да башкы каармандын айланасында болгон окуялардан турат. Ошондуктан Саякбай да, Жусуп Мамай да Семетейдин образын түзүүдө ага өзгөчө маани берип, анын балалык кезинен баштап, баатырдык иштерин, адамдык сапатын көркөм сөз каражаттардын жардамы менен ачууга аракет кылышкан. Мисалы, С.Каралаев Семетейдин бала чагын ***бала туйгун, арстан, кабылан*** сыяктуу сөздөрдү эпитет катары пайдаланса, Жусуп Мамай ***бала жолборс*** эпитетин көбүрөөк колдонот. Жусуп Мамайдын ***бала жолборс*** эпитетин Семетейдин балалык чагы үчүн Семетейди мүнөздөгөн индивидуалдуу эпитет (Семетейге гана тиешелүү) катары эсептөөгө болот. Албетте, семетейчилер экөө тең Семетейди мүнөздөө үчүн айрым сөздөрдү эпитет катары алганда ага ***бала*** сөзүн компонент кылып кошот. ***Бала*** сөзү акыл-эске, күч-кубатка толо элек, эмне туура деп эсептесе ошону кыла берген, улуулар катарга али кошо элек куракты туюндурат, бирок ошону менен бирге балалык кез өмүрдүн таза, курч мезгили.

**Метафора.** Метафора нерселерди, кубулуштарды, кыймыл-аракетти башка бир окшош нерсеге, кубулушка, кыймыл-арекетке ооштуруп, ошого өткөрүп көрсөтүүчү троптун түрү болуп саналат. Ал троптун башка түрлөрүнө салыштырмалуу сүрөттөлүп жаткан нерсе, кубулуштардын бардык өзгөчөлүктөрүн көрсөтө алгандыгы менен айырмаланат, башкача айтканда, сүрөттөлүп, баяндалып жаткан нерсенин, кубулуштун, арекеттин **сырткы көрүнүшү менен элесин** жана **мазмундук өзгөчөлүгүн** образдуу чагылдырууга ылайыктуу, анткени метафора ар кандай түшүнүктү башка аталыш аркылуу аң-сезимге чагылдырат. Метафораланган тилдик бирдиктер кептин кайсы стилинде болбосун, ийкемдүүлүгү, образдуулугу жана эстетикалуулугу жагынан ошол стилди тейлөөгө абдан ыңгайлашкан. Троптун бул түрүнүн мындай касиетте болушу анын “ эки пландуу – материалдык жана эстетикалык мазмунду өз ичине камтыган семантикалык-стилистикалык кубулуш”[6] экендиги менен шартталган.

[3] Каралаев С. Семетей. I китеп. Фр.: «Кыргызстан», 1987.138-б.
[4] Жусуп Мамай “Манас” - Үрүмчү. Шинжиаң эл басмасы. 2004. 417-б
[5] Жусуп Мамай... 448-б.
[6] Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. –Б.: 1997. 59-б.

Метафора бардык көркөм чыгармаларындай эле кыргыз адабиятында да кеңири таралган. Өзгөчө фольклордук чыгармалардын ичинен эпостордо көп пайдаланылган көркөм сөз каражаты.

Биз талдоого алып жаткан Жусуп Мамай менен С.Каралаевдин “Семетейлеринде” пайдаланылган метафоралардын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен жалпылыктары бар. Албетте, троптун бардык түрлөрү сыяктуу эле метафора көркөм чыгармада катышкан бардык нерселерди, кубулуштарды, көрүнүш менен окуяларды сүрөттөөдө жана баяндоодо аларды элестүү, эмоционалдуу көрсөтүү касиетине ээ. Мисалы, Жусуп Мамай Жакыптын Каныкейге ачуусунун келгенин жөн эле *ачуусу келди* же *жини келди* дебестен:

*Ал аңгыча болбоду,*
*Жакып хандын ичине,*
*Жыйылып* ***шайтан*** *толгону,* - деп, метафора аркылуу берүү менен Жакыптын ачуусунун келгенин чегинен ашыра көрсөтө алган. Жусуп Мамай *ачуусу келүү, жини келүү* түшүнүгүн *ичине шайтан толуу* көпчүлүк учурда метафорасы менен берет. Мисалы, Каныкей менен Чыйырды Семетейди Букарга алып качып баратканда, аларга жолуккан бала Каныкейдин ким экендигин билип, Темирканга кабар айтууга барат да, ордого уруксатсыз киргенин көргөн Темирканга Жусуп Мамай:

*Мына ошондо Темиркан,*
***Шайтаны ичке толду*** *эми.*
*Сакчылары баланы*
*Сабай турган болду эми,*[7]- деген мүнөздөмө берет. Мындан башка учурларда да бул метафораны пайдаланган учурлары аз эмес.

Метафора элестүүлүгү жана эмоционалдуулугу менен өзгөчөлөнгөндүгүн Жусуп Мамайдын Жакыптын жана анын уулдары Абыке менен Көбөштүн кордугунан жапа чеккен Каныкей менен Чыйырдынын абалын сүрөттөөдөгү:

*Укмушту Жакып баштады,*
***Унутуп*** *эки зайыпты,*
*Өз журтуна таштады,*[8] - деген саптардагы ***унутуп*** деген метафорасынан көрүүгө болот. Ошондой эле Жусуп Мамайдын **абалдык** жана **кыймыл-аракеттик** метафораларды көбүрөөк иштеткенин белгилөөгө туура келет. Мисалы:

*Абыкени* ***аймады,***
*Жакып ханды* ***жалмады,***[9] - деген сыяктуу метафоралары да биз айткан принципте түзүлгөн метафоралар дегенге толук негиз бар.

Мындан сырткары, биз буга чейин белгилегендей, Жусуп Мамайдын жазгыч манасы (семетейчи) болгонуна байланыщтуу, троптун түрлөрүн уюштурууда (айрыкча бүтүндөй строфаны метафоризациялоо) Жусуп Мамай профессионалдык поезиянын деңгээлине жеткирген учурлары аз эмес. “Семетей” эпосунун финалында:

***Заркырап улуп тоо жели,***
***Саткынды каргап заар чачты.***
***Коңур күз болбой жалбырак,***
***Сабалып түшүп жер жапты,***[10] -

же:

***Кайгынын кара булуту,***
***Канаттуу тулпар миниптир,***
*Кара ниет Канчоро*

[7] Жусуп Мамай... 423-б.
[8] Жусуп Мамай... 419-б
[9] Жусуп Мамай ... 448-б.
[10] Жусуп Мамай... 4686-б.

*Канжарлап элди кириптир,*[11] - деген строфалар биз айткан ойдун ачык далили боло алат.

Жыйынтыктап айтканда, биринчиден, кыймыл-арекеттик түрлөрүнүн арбындыгы, экинчиден, профессионалдык адабияттагыдай бүтүндөй тексттин метафораланышы, үчүнчүдөн, элдик метафоралардын колдонулушу Саякбайга салыштырмалуу Жусуп Мамайды айырмалап турат.

**Адабияттар:**


1. Тимофеев Л.И. Основы теории литературы. –М.: 1963. 207-б. Розенталь Д.Э., Теленкова М.А. Словарь-справочник лингвистических терминов. Изд.2-е, испр.доп. – М., Просвещение, 1976.
2. Шериев Ж., Муратов А. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. –Б.: Мектеп.1994.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. –Б.: “Кыргызстан-Сорос” фондусу. 1996.
4. Каралаев С. Семетей. I китеп. Фр.: «Кыргызстан», 1987.
5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. –Б.: 1997.
6. Жусуп Мамай “Манас” - Үрүмчү. Шинжиаӊ эл басмасы. 2004.


[11] Жусуп Мамай... 485-б.